Усман ибну Аффандын (Аллах андан ыраазы болсун) кулу Хумрон айтат: “Усман ибну Аффан (Аллах андан ыраазы болсун) даарат алганга суу алдырды да идиштеги суудан эки колуна куюп, колдорун үч жолу жууду. Андан кийин оң колу менен идиштен суу алып оозу менен мурдун чайкады. Андан соң бетин үч жолу жана колдорун чыканакка чейин үч жолу жууду. Андан кийин башына масх тартты да эки бутун үч жолудан жууду. Анан мындай деп айтты: “Мына мен ушундай даарат алганымдай Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даарат алып жатканын көрдүм”. Анан айтты: “Ким менин даарат алганымдай даарат алып, эч нерсени сүйлөбөй эки рекет намаз окуса, Аллах Таала анын өткөн күнөөлөрүн кечирет”.*@

Усман ибну Аффандын (Аллах андан ыраазы болсун) кулу Хумрон айтат: “Усман ибну Аффан (Аллах андан ыраазы болсун) даарат алганга суу алдырды да идиштеги суудан эки колуна куюп, колдорун үч жолу жууду. Андан кийин оң колу менен идиштен суу алып оозу менен мурдун чайкады. Андан соң бетин үч жолу жана колдорун чыканакка чейин үч жолу жууду. Андан кийин башына масх тартты да эки бутун үч жолудан жууду. Анан мындай деп айтты: “Мына мен ушундай даарат алганымдай Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даарат алып жатканын көрдүм”. Анан айтты: “Ким менин даарат алганымдай даарат алып, эч нерсени сүйлөбөй эки рекет намаз окуса, Аллах Таала анын өткөн күнөөлөрүн кечирет”.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Усман (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дааратынын сыпатталышын иш-жүзүндө, өтө ачык болсун деп үйрөттү. Ошентип, ал идишке суу алдырды да үч жолу эки колун жууп, андан кийин оң колун идишке салып, сууну алып, оозуна айлантып, кайрадан сууну чыгарды. Андан кийин сууну мурдунун ичине чейин тартып, анан аны чыгарып чимкирди. Анан үч жолу жүзүн жууду, анан эки колун чыканактары менен үч жолу жууду. Анан суу болгон колу менен башына бир жолу масх тартты. Андан кийин үч жолу кызыл ашыгы менен кошо бутун жууду. Усман (Аллах андан ыраазы болсун) даарат алып бүткөндөн кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушундай даарат алып жатканын көргөнүн айтып, аларга Пайгамбар мындай деп сүйүнчүлөгөнүн да айтты: "Ким Пайгамбар даарат алган сыяктуу даарат алып, эки рекет намазды тынчтанып, жүрөгүн Улуу Раббисине тапшырып окуса, анда Аллах Таала бул толук даараты үчүн жана бул чын ыклас менен окулган намаз үчүн анын мурунку күнөөлөрүн кечирүү менен сыйлайт".

https://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3313

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee